**Salyk.kg мобилдик тиркемеде жеке жана юридикалык жактарды аралыктан тейлөө келишимин түзүү жөнүндө оферта (сунуш)**

Salyk.kg мобилдик тиркемеде жеке жана юридикалык жактарды аралыктан тейлөө келишимин түзүү жөнүндө ушул Оферта (мындан ары – Оферта) (мындан ары – Мобилдик тиркеме) Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөчү катары катталган жеке жана юридикалык жактар (мындан ары – пайдалануучу) тарабынан Salyk.kg мобилдик тиркемени пайдалануу эрежелерин аныктайт.

Ушул Офертада укук ээсинин атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы (мындан ары – Укук ээси) юридикалык дареги: 720001, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 219, Тел.: +996 (312) 613 189, Пайдалануучунун Мобилдик тиркемени пайдалануу боюнча кызмат көрсөтүүлөрүнүн, ошондой эле колдонуудагы жана келечекте түзүлүүчү Мобилдик тиркеменин бардык сервистеринин көрсөтүлүшүнүн шарттары камтылган.

Ушул офертада көрсөтүлгөн аракеттердин жасалышы ушул Офертада баяндалган шарттарда, тартипте жана көлөмдө келишим түзүүгө Пайдалануучунун макулдугун тастыктоо болуп саналат. Офертанын төмөндө баяндалган тексти Укук ээсинин Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 396-беренесинин 1-пунктуна ылайык келишим түзүү боюнча жеке жана юридикалык жактарга даректелген сунушу болуп саналат.

## 1. Мобилдик тиркемени пайдалануунун жалпы жоболору

1.1. Жеке жана юридикалык жактар ушул Офертада каралган аракеттерди жасаган учурдан тартып келишим түзүлдү деп эсептелет жана күчүнө кирет жана бул жактар тарабынан ушул Офертанын бардык шарттарын кошулуу шарттарында кандайдыр бир алып салууларсыз же чектөөлөрсүз кабыл алынышын билдирет.

1.2.Тиркемеге кирүү, идентификациялоо жол-жобосунан өтүү, оферта менен таанышуу фактысы ушул офертанын акцепти болуп саналат.

1.3.Ушул Келишим Пайдалануучу тарабынан Мобилдик тиркемени, ошондой эле колдонуудагы жана келечекте түзүлүүчү Мобилдик тиркеменин бардык сервистерин, анын ичинде жайгаштырылган жана/же жайгаштырылып жаткан контентти пайдалануу, анын ичинде тексттик материалдар, сүрөттөр, Пайдалануучунун комментарийлери менен гана чектелбестен шарттарын жана эрежелерин белгилейт.

1.4.Пайдалануучунун Мобилдик тиркемени, ошондой эле бардык колдонуудагы жана келечекте түзүлүүчү Мобилдик тиркеме сервистерин,

алардын функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн жана максаттарынын чегинде кандай гана жол менен жана кандай формада болбосун колдонуусу, анын ичинде:

– Мобилдик тиркемеде катталуу жана/же авторизациялоо;

– Мобилдик тиркеменин сервистерин, модулдарын жана кызматтарын пайдалануу;

– Мобилдик тиркемеде жайгаштырылган контентти көрүү;

– Мобилдик тиркеменин функционалдык мүмкүнчүлүктөрүн башкача колдонуу Пайдалануучу ушул Келишимдин шарттары менен толук көлөмдө таанышкандыгын жана кабыл алынгандыгын тастыктоо болуп саналат. Пайдалануучу Келишимдин жоболорунун кайсы бири менен макул болбогон учурда, Пайдалануучу Мобилдик тиркемени колдонууга укугу жок. Эгерде Укук ээси келишимге Пайдалануучу макул болбогон кандайдыр бир өзгөртүүлөрдү киргизсе, Пайдалануучу Мобилдик тиркемени колдонууну токтотууга милдеттүү.

1.5.Офертанын колдонуудагы редакциясы Укук ээсинин расмий веб-баракчасында https://sti.gov, ошондой эле салык төлөөчүнүн жеке кабинетинин веб-версияларында https://cabinet.salyk.kg жарыяланган.

1.6.Ушул Офертанын шарттарына өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилген учурда Укук ээси Пайдалануучуга Мобилдик тиркемедеги Офертанын шарттарынын өзгөргөндүгү жөнүндө маалымдайт, мында Пайдалануучунун Мобилдик тиркемеге ар бир кийинки кирүүсү жана мобилдик тиркемени колдонуу тиешелүү өзгөртүүлөрдүн жана/же толуктоолордун акцепти болуп эсептелет.

## 2. Терминдер жана аныктамалар

2.1.Аутентификация – көрсөтүлгөн идентификатордун аныктыгын текшерүү жолу менен адамдын аныктыгын аныктоо (ЖИН-коду, логин ж.б.).

2.2.Дистанттык же аралыктан тейлөө – Укук ээси тарабынан Пайдалануучуга Мобилдик тиркеменин жардамы менен аралыктан көрсөтүүчү кызматтар (мындан ары – Кызматтар).

2.3.Пайдалануучу – Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөчү катары катталган жана салык төлөөчүнүн өзүнүн жеке кабинетин алыстан башкаруу үчүн мобилдик тиркемени пайдалануучу жеке же юридикалык жак.

2.4.Контент – сүрөттөр, тексттик, аудио жана видео материалдар, ошондой эле Мобилдик тиркемеде камтылган бардык мүнөздөгү билдирүүлөр.

2.5.Жеке маалыматтардын купуялуулугу – Укук ээсинин/Оператордун жана Пайдалануучунун жеке маалыматтардын жайылтылышына жана/же ачыкка чыгарылышына жол бербөө үчүн милдеттүү болгон талап. Жеке

маалыматтарды ачыкка чыгаруу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда гана мүмкүн.

2.6.Мобилдик тиркеме – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын программалык камсыздоосу болуп саналат, ал Пайдалануучу тарабынан ушул Офертаны толук сактоо шартында Тиркемелер дүкөнү аркылуу орнотууга жеткиликтүү, ал Android и Apple iOS операциялык системалардын башкаруусунда иштеген мобилдик түзүлүштөр үчүн иштелип чыккан маалыматтык жана функционалдык тиркеме болуп саналат. Мобилдик тиркемеге интеллектуалдык менчик укуктары жана анын элементтери Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына таандык.

2.7. Оператор – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын алдындагы "Салык Сервис" мамлекеттик мекемеси.

2.8.Укук ээси – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы.

2.9.Сервис – Мобилдик тиркемени колдонуу менен Пайдалануучуга көрсөтүлүүчү кызматтардын жана функциялардын комплекси.

2.10. Электрондук колтамга – санариптик формадагы башка маалыматка кошулган жана (же) ага логикалык жактан байланышкан жана санариптик документтин өзгөрбөстүгүн камсыз кылуу жана санариптик документтин авторун аныктоо үчүн колдонулган санариптик формадагы маалымат.

2.11. Ушул офертада, ошондой эле келип чыккан же ага байланыштуу документтерде ушул Офертанын 2-пунктунда көрсөтүлбөгөн башка терминдер жана аныктамалар колдонулушу мүмкүн. Мындай учурда мындай терминди чечмелөө Офертанын текстине ылайык жүргүзүлөт. Офертанын текстинде, ошондой эле келип чыккан же ага байланыштуу документтерде (эгерде түздөн-түз башкача каралбаса) терминди же аныктаманы бирдей чечмелөө жок болгон учурда, анын төмөнкүдөй аныкталган чечмелөөсүн жетекчиликке алуу керек: биринчи кезекте – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, андан кийин – иш боюнча жүгүртүү эрежесинде жана илимий доктринада.

## 3. Келишимдин предмети

3.1. Офертага ылайык, Укук ээси Пайдалануучуга Мобилдик тиркемеде жеке жана юридикалык жактарды аралыктан тейлөө кызматын көрсөтөт жана мүмкүнчүлүк берет. Аралыктан тейлөө кызматтары (Мобилдик тиркеменин функциялары/севристери/ модулдары) төмөнкүлөр болуп саналат:

- Салык төлөөчүнүн жеке кабинетине кирүү;

- Нөлдүк (алгачкы жана такталган) салык отчетторун/декларацияларын тапшыруу, "Декларациялар журналына" кирүү;
- Электрондук патент алуу;
- Кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктүн маалыматтарына жеткиликтүүлүк;
- Карыз жана ашыкча төлөө боюнча маалымат алуу;
- Төлөмдөрдү көрүү;
- ЭТТК модулу менен иштөө;

жана мобилдик тиркемеде бар, ошондой эле кийинки убакта ишке ашуучу башка сервистерди алуу.

3.2. Аралыктан тейлөө кызматтарына Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жол берилет. Мындан тышкары, Укук ээси Пайдалануучуга мобилдик байланыш кызматтарын жана маалыматтарды берүү боюнча кызматтарды көрсөтпөйт, мындай кызматтарды пайдаланууну жана аларга акы төлөөнү Пайдалануучу абоненти болуп саналган мобилдик байланыш оператору же Интернет тармагы аныктаган тартипте жана шарттарда жүзөгө ашырат.

3.3.Салык төлөөчүнү авторизациялоо Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөчүгө кирүү мүмкүнчүлүгү берилген салык төлөөчүнүн жеке кабинетинин колдонуудагы логини жана сыр сөзү менен жүргүзүлөт.

3.4.Пайдалануучуга сыр сөздү жана логинди үчүнчү жактарга берүүгө тыюу салынат.

## 4. Келишимдин корутундусу

4.1.Ушул документтин негизинде Укук ээси тарабынан төмөнкүлөргө жарыяланган же жайгаштырылган оферта (келишим түзүү сунушу) болуп саналат:

a) интернетте өзүнүн расмий веб-сайтында: https://sti.gov.kg/, ошондой эле салык төлөөчүнүн жеке кабинетинин веб-версияларында https://cabinet.salyk.kg/;

b) Android, IOS платформаларында жайгаштырылган Мобилдик тиркемеде.

4.2.Оператор менен Пайдалануучунун ортосунда Мобилдик тиркемеде жеке жана юридикалык жактарды аралыктан тейлөө келишими Пайдалануучу Укук ээсинин Офертасын акцепт кылган учурда түзүлдү деп эсептелет. Укук ээси жана Пайдалануучу Офертанын акцепти (Пайдалануучунун келишим түзүүгө макулдугу) болуп Мобилдик тиркемени Пайдалануучунун функционалды толук пайдалануу фактысы эсептелээрин, ал пайдалануучу тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарга жетүү үчүн, же болбосо Жеке кабинетке

кирүү үчүн логинди/сыр сөздү алганда Пайдалануучу салык органдарында салыктык каттоодон өтүү жолу менен пайдаланылаарын таанышат.

## 5. Пайдалануучуну каттоо/авторизациялоо. Пайдалануучунун каттоо эсеби

5.1. Тиркеме ИСНи (салык органында катталган салык төлөөчүнүн идентификациялык номери) бар пайдалануучулар үчүн жеткиликтүү болуп саналат.

5.2. Мобилдик тиркеменин сервистерин колдонуу үчүн Пайдалануучу салык органында каттоо жол-жобосунан өтүшү керек, анын натыйжасында пайдалануучу үчүн салык төлөөчүнүн жеке кабинети түзүлөт. Ошондой эле, Мобилдик тиркеменин айрым кызматтарын колдонуу Пайдалануучу идентификациялоо жана авторизациялоо жол-жоболорунан өткөндөн кийин гана мүмкүн болот. Салык төлөөчүнүн кабинетинде каттоосу бар салык төлөөчүлөр ыйгарым укуктуу салык органы берген логин жана сыр сөз менен Мобилдик тиркемеде авторизацияланат.

5.3.Пайдалануучу тиркемеде сунушталган маселелер/талаалар боюнча өзү тууралуу так жана толук маалыматты берүүгө жана бул маалыматты жаңыртып турууга милдеттенет. Пайдалануучу анык эмес маалымат берген учурда же Укук ээсинде Пайдалануучу берген маалымат толук эмес же анык эмес деп эсептөөгө негиздер болгон учурда, Укук ээси өз каалоосу боюнча Пайдалануучуга ага кызмат көрсөтүүнү (идентификациялоого) чектөөгө же Пайдалануучуга Мобилдик тиркемени пайдалануудан баш тартууга укуктуу.

5.4.Укук ээси каттоо учурунда көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоону Пайдалануучудан каалаган учурда талап кылуу укугун өзүнө калтырат, аны бербөө Укук ээсинин кароосу боюнча келишимдин 7.2-пунктунда каралган кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Эгер ал берген документтерде көрсөтүлгөн Пайдалануучунун маалыматтары каттоо учурунда көрсөтүлгөн маалыматтарга дал келбесе, ошондой эле каттоо учурунда көрсөтүлгөн маалыматтар Пайдалануучуну идентификациялоого мүмкүндүк бербесе, Укук ээси Мобилдик тиркемени пайдаланууда Пайдалануучуга салык төлөөчүнүн жеке кабинетине кирүүдөн баш тартууга укуктуу.

5.5. Каттоо жана идентификациялоо жол-жоболорун жүргүзүү үчүн Укук ээси Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 145-беренесин жетекчиликке алуу менен Пайдалануучуга кошумча кабарлоосуз мүлккө укуктарды мамлекеттик каттоону жүзөгө ашыруучу органдар менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырууга укуктуу.

5.6.Пайдалануучунун эсептик каттоосунда камтылган Пайдалануучунун жеке маалыматы Мобилдик тиркеменин Купуялык саясатынын шарттарына ылайык Укук ээси тарабынан сакталат жана иштетилет.

5.7.Пайдалануучу өз алдынча коопсуздук (болжолдоого туруктуулук) жана тандалган сыр сөздүн купуялуулугу, ошондой эле Пайдалануучу эсептик каттоосунун астындагы Мобилдик тиркеме кызматтарынын алкагында же аны колдонуу менен бардык аракеттер (алардын кесепеттери), анын ичинде колдонуучу каалаган шартта үчүнчү жактарга Пайдалануучу эсептик каттоосуна кирүү үчүн маалыматтарды ыктыярдуу өткөрүп берген учурлар үчүн жооп берет.

5.8. Укук ээси үчүнчү жактардын күнөөсү боюнча, анын ичинде байланыш кызматын көрсөтүүчүлөрдүн күнөөсү боюнча байланыштын үзгүлтүккө учурашынын натыйжасында же жүргүзүлүп жаткан оңдоо, техникалык, алдын алуу жана башка иштерге байланыштуу келип чыккан, анын натыйжасында маалымат системалары аркылуу маалыматтарды берүүдө көйгөйлөрдүн пайда болушу мүмкүн болгон маалыматтарды алуунун/берүүнүн кечиктирилиши же албай калышы/берилбей калышы үчүн Пайдалануучунун алдында жоопкерчилик тартпайт.

5.9. Ушул Офертанын башка шарттарына карабастан, Пайдалануучу тарабынан Мобилдик тиркемени колдонуу шарттарын, анын ичинде ушул Офертада каралган коопсуздук жана купуялуулук боюнча талаптарды бузуунун натыйжасында келип чыккан ар кандай кыйыр, кокустан келтирилген зыяндар (анын ичинде, чектөөсүз, маалыматтардын же аларды пайдалануунун ар кандай жоготуулары; же кайсы болбосун үчүнчү тарап тарабынан коюлган ар кандай дооматтар) үчүн Укук ээси эч кандай шартта жоопкерчилик тартпайт.

## 6. Мобилдик тиркемени колдонуу шарттары

6.1.Пайдалануучу Мобилдик тиркемени мыйзамдуу максаттарда гана колдонууга милдеттенет. Укук ээсинин пикири боюнча, Мобилдик тиркеменин башка Пайдалануучусунун укуктарын ишке ашырууну чектеген же тоскоолдук кылган Пайдалануучунун бардык аракеттерине жол берилбейт.

6.2.Укук ээси Мобилдик тиркеменин Пайдалануучусуна маалыматтык мүнөздөгү билдирүүлөрдү жөнөтүүгө укуктуу.

6.3. Укук ээси эч кандай атайын эскертүүсүз ушул Офертага өзгөртүүлөрдү киргизүү укугун өзүнө калтырат. Келишимдин жаңы редакциясы жана/же анда көрсөтүлгөн милдеттүү документтер, эгерде келишимдин жаңы редакциясында башкача каралбаса, Мобилдик тиркеменин тийиштүү бетиндеги "Интернет" маалыматтык-телекоммуникациялык түйүнүндө жайгаштырылган учурдан тартып күчүнө кирет жана Пайдалануучу келишимдеги өзгөртүүлөрдү өз алдынча дайыма байкап турууга милдеттенет. Ушул Келишимге өзгөртүүлөр киргизилгенден кийин Пайдалануучунун Мобилдик тиркемени колдонуусун улантуу Пайдалануучунун ошол өзгөртүүлөргө макулдугун билдирет.

6.4.Укук ээси өзүнүн кароосу боюнча Пайдалануучу тарабынан ушул Офертанын шарттарын бузуу фактысын аныктоо жана максатка ылайыктуу деп эсептеген чараларды көрүү укугун өзүнө калтырат.

6.5. Укук ээси төмөнкүлөргө кепилдик бербейт:

- Мобилдик тиркемени колдонуу менен алууга мүмкүн болгон жыйынтыктар Пайдалануучу тарабынан кандайдыр бир фактыларды аныктоо жана/же тастыктоо үчүн колдонулушу мүмкүн;

- Мобилдик тиркемени колдонуу менен Пайдалануучу маалымат алган кайсы бир өнүмдүн, кызматтын сапаты Пайдалануучунун күтүүсүнө жооп берет.

6.6.Мобилдик тиркеме тынымсыз толуктоо жана жаңыртуу стадиясында болгондуктан, берилген сервистердин функционалдык мүмкүнчүлүктөрүнүн формасы жана мүнөзү мезгил-мезгили менен Пайдалануучуга эскертүүсүз өзгөрүшү мүмкүн. Укук ээси зарыл болгон учурда өз каалоосу боюнча сервистерди (же сервистин алкагындагы кандайдыр бир функцияларды) берүүнү токтотууга же чектөөгө (убактылуу же биротоло) укуктуу.

## 7. Тараптардын укуктары жана милдеттери

7.1.Укук ээси төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Офертага ылайык Пайдалануучуга кызматты сапаттуу жана өз убагында көрсөтүү;

- Пайдалануучунун жеке маалыматтарын сактоого жана ал боюнча маалыматтарды Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда гана берүүгө;

- ушул Оферта менен аныкталган тартипте кызмат көрсөтүүнүн тартиби жана шарттары өзгөргөндүгү жөнүндө Пайдалануучуга өз убагында кабарлоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Келишимде каралган башка милдеттерди аткарууга.

7.2.Пайдалануучу төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Офертанын талаптарын аткарууга;

- Мобилдик тиркемени колдонуу үчүн камтылган программалык камсыздоосу бар интернет тармагына жана тиешелүү мобилдик түзүлүшкө ээ болууга;

- Пайдалануучунун Мобилдик тиркемеге кирүүсү үчүн зарыл болгон логиндин, сыр сөздүн параметрлеринин жана башка маалыматтардын сакталышын жана купуялуулугун камсыз кылууга жана мындай купуя маалыматты башка адамдарга таратпоого.

- кызматты пайдаланууда зарыл болгон коопсуздук чараларын сактоого, Мобилдик тиркемени колдонууга башкаларга мүмкүнчүлүк бербөөгө;

- Мобилдик тиркемеде колдонулган мобилдик телефондун же компьютердин экранына чыгарылган маалыматты кылдаттык менен изилдеп, сунушталган варианттардын ичинен өз ниетине ылайык иш-аракеттерди тандап алууга же императивдик көрсөтмөлөрдү так аткарууга;

- киргизилген маалыматтын тууралыгын кылдат текшерүүгө;

- ушул Офертага өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор жөнүндө маалыматтын болушун Укук ээсинин веб-сайтынан же салык төлөөчүнүн Жеке кабинетинин веб-версиясынан текшерүүгө жана мындай маалымат бар болсо – кызмат көрсөтүүнүн жаңы тартибин жана шарттарын кылдат окуп чыгууга;

- жеке маалыматтар өзгөргөндө зарыл болгон маалыматтарды жана Пайдалануучунун маалыматтары ыйгарым укуктуу салык органына келген учурда аны өз убагында жаңылоо үчүн салык органына өз убагында кабарлоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул келишимде каралган башка милдеттерди аткарууга.

7.3.Укук ээси төмөнкүлөргө укуктуу:

- ушул Офертада аныкталган тартипте Мобилдик тиркемеде кызмат көрсөтүүнүн тартибин жана шарттарын өзгөртүүгө;

- Мобилдик тиркемеде көрсөтүлгөн кызматтардын жана функциялардын топтомун, ошондой эле аларды аткаруу тартибин каалаган убакта өзгөртүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Офертада каралган башка укуктарды жүзөгө ашырууга.

7.4. Пайдалануучу төмөнкүлөргө укуктуу:

- ушул Офертага ылайык Мобилдик тиркемени жана Укук ээсинин башка кызматтарын колдонууга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Офертада каралган башка укуктарды ишке ашырууга.

7.5.Мобилдик тиркемени колдонууда Пайдалануучу аутентификация тартибин жана Пайдалануучунун дистанттык/аралыктан тейлөөнү колдонууга укугун тастыктоо тартибин камтыган коопсуздукту сактоо максатында төмөнкүлөргө укуксуз:

- жетиштүү укуксуз өзүн башка адам же уюмдун жана/же жамааттын өкүлү катары көрсөтүүгө, ошондой эле тармакта башка адамдардын мыйзамсыз өкүлчүлүгүнүн кандай болбосун башка формаларын жана ыкмаларын колдонууга, ошондой эле кандайдыр бир субъекттердин же объекттердин касиеттери жана мүнөздөмөлөрү боюнча Пайдалануучуну же Укук ээсин адаштырууга;

- Мобилдик тиркеме кызматтарынын нормалдуу иштешин бузууга;

- Мобилдик тиркеменин мазмунуна, башка адамдардын эсептик каттоосуна, компьютердик системаларга же каалаган Мобилдик тиркеме серверине туташкан тармактарга бузуу, сыр сөздөрдү казып алуу, окуу/байкоо

жүргүзүү ("скрейпинг") же Укук ээси тарабынан атайылап берилбеген материалдарды же маалыматты алууга багытталган башка жолдор менен уруксатсыз кирүүгө аракет кылууга;

- ушул Оферта койгон чектөөлөрдү жана тыюу салууларды бузууга багытталган аракеттерге көмөктөшүүгө;

- Пайдалануучу Мобилдик тиркемени пайдаланууга байланышкан өзүнүн аракеттери үчүн, анын ичинде, эгерде мындай аракеттер үчүнчү жактардын укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын бузулушуна алып келсе, ошондой эле Мобилдик тиркемени пайдаланууда мыйзамдардын сакталышы үчүн үчүнчү жактардын алдында өз алдынча жоопкерчилик тартат.

## 8. Тараптардын жоопкерчилиги

8.1.Тараптар Келишим боюнча өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

8.2. Пайдалануучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Мобилдик тиркемеге кирүү каражаттарынын (логин/сыр сөз) сакталышы жана купуялуулугун камсыз кылуу, ошондой эле кирүү каражаттарын уруксатсыз пайдалануу же үчүнчү жактардын санкцияланбаган операциялары учурунда келип чыгышы мүмкүн болгон чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартат.

8.3.Тараптар ушул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, эгерде мындай аткарбоо же талаптагыдай аткарбоо ал жеткис күч (форс-мажор) жагдайларынын таасиринен улам келип чыкса, жоопкерчиликтен бошотулат. Ал жеткис күчтөрдүн жагдайлары болуп ушул Оферта түзүлгөндөн кийин келип чыккан жана Тараптардын бири да алдын ала да албаган (табигый жана техногендик кырсыктар, куралдуу кагылышуулар, массалык тартипсиздиктер, террористтик актылар ж.б.) мындай шарттарда күтүлбөгөн жана өзгөчө кырдаалдар эсептелет,

8.4.Эгерде Пайдалануучу тарабынан колдонгон учурда Пайдалануучу менен Укук ээсинин ортосунда берилүүчү маалымат программалык-техникалык каражаттарды угуунун, кармап алуунун, бузуп алуунун натыйжасында (Укук ээси коопсуздук жол-жоболорун сактоо боюнча күч-аракетин ак ниеттүүлүк менен жумшаса), ошондой эле Пайдалануучу тарабынан кирүү каражаттарын колдонуу эрежелерин бузуунун натыйжасында үчүнчү жактарга белгилүү болуп калса, Укук ээси жоопкерчилик тартпайт.

8.5.Ушул оферта боюнча өз милдеттенмелерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда жоопкерчиликтен бошотуучу жагдайлар болуп мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары тарабынан өз компетенциясынын чегинде кабыл алынган мыйзам актыларынын ушул Оферта түзүлгөндөн кийин күчүнө кириши саналат, алар тиешелүү Тарап үчүн

тиешелүү милдеттенмелерди аткарууга түздөн-түз мүмкүндүк бербейт (тыюу салат).

## 9. Келишимди бузуу

9.1. Укук ээси тарабынан ушул Офертаны бузуу төмөнкүдөй учурларда жүзөгө ашырылат:

– Пайдалануучу тарабынан Мобилдик тиркемени мыйзамсыз модификациялоону, көчүрүүнү же башка санкцияланбаган пайдаланууну табуу;

– Пайдалануучу ушул Оферта боюнча өзүнүн башка милдеттенмелерин аткарбаса же талаптагыдай аткарбаса;

– ушул Офертаны аткаруунун зарылдыгы жок болсо;

– Укук ээсинин Оферта келишимин чакыртып алуусу.

9.2. Пайдалануучу тарабынан ушул Келишимди бузуу төмөнкүдөй учурларда жүзөгө ашырылат:

– Укук ээси ушул Оферта боюнча өз милдеттенмелерин бузса же талаптагыдай аткарбаса;

– ушул Офертаны аткаруунун зарылдыгы жок болсо;

## 10. Келишимге өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүнүн тартиби

10.1. Ушул Келишимдин шарттары өзгөртүлгөндө жана/же толукталганда, ушул Келишимдин шарттарын өзгөртүү жөнүндө макулдашууга Тараптар төмөнкү тартипте жетишишет:

- Укук ээси Офертаны пайдалануучуга Келишимдин жаңы редакциясын интернет тармагына жайгаштыруу жолу менен анын шарттарынын өзгөргөндүгү тууралуу төмөнкү дарек боюнча жөнөтөт: https://sti.gov.kg, ошондой эле салык төлөөчүнүн жеке кабинетинин веб-версиясына: https://cabinet.salyk.kg;

- Пайдалануучунун Мобилдик тиркемеге белгиленген тартипте кириши, Пайдалануучу Мобилдик тиркемеге кирген учурда колдонуудагы Келишим шарттарынын акцепти болуп саналат, б. а. келишимдин шарттарын өзгөртүүгө Пайдалануучунун макулдугу алынды деп эсептелет;

## 11. Талаш-тартыштарды чечүү тартиби

11.1. Ушул Келишим боюнча келип чыккан ар кандай талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

11.2. Талаш-тартыштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүү мүмкүн болбогон учурда талаш-тартыштар Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык чечилет.

## 12. Башка жоболор

12.1. Пайдалануучу менен Укук ээсинин ортосундагы ушул Келишим Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 394-беренесине ылайык Пайдалануучу келишимде каралган тартипте анын шарттарына макулдугун билдирген учурдан тартып күчүнө кирет жана Мобилдик тиркемени пайдалануунун бардык мөөнөтүндө колдонулат.

12.2. Ушул келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат жана түшүндүрүлөт. Ушул Келишим менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чечилүүгө тийиш.

12.3. Эгерде тигил же бул себептерден улам ушул Келишимдин бир же бир нече жоболору жараксыз же юридикалык күчкө ээ эмес деп табылса, бул Келишимдин калган жоболорунун жарактуулугуна же колдонулушуна таасирин тийгизбейт.

12.4. Пайдалануучу же башка пайдалануучулар тарабынан келишимдин жоболору бузулган учурунда Укук ээсинин аракетсиздиги кийин Укук ээсинин өз кызыкчылыктарын коргоо үчүн тиешелүү аракеттерди көрүү укугунан ажыратпайт, ошондой эле кийин ушундай же окшош бузуулар жасалган учурда Укук ээси өз укуктарынан баш тартат дегенди билдирбейт.

12.5. Ушул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон мамлекеттик жана/же расмий тилде түзүлгөн.

12.6. Эгерде ушул келишимде башкача каралбаса, ушул Келишимдин алкагында бардык расмий кабарлоолор, дооматтар, талаптар ж.б. жазуу жүзүндө жол-жоболоштурулууга жана контрагентке почта жөнөтмөсү аркылуу (жөнөкөй же тапшырылгандыгы жөнүндө кабарлоо менен тапшырык түрүндө) же колго берилүүгө тийиш.

12.7. Ушул Келишимди түзүү менен Пайдалануучу Мобилдик тиркемеде жана офертанын акцептинде катталган учурга чейин ал ушул келишимдин тартибин жана шарттарын изилдеп чыккандыгын, алар менен макул экендигин жана аларды өзү үчүн милдеттүү деп тааный тургандыгын ырастайт.